Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
12-декабры

№98 (3755)

www.erkin-too.kg

## САДЫР ЖАПАРОВ ЖАМАНБАЕВАНЫ КАБЫЛ АЛДЫ



***Президент Садыр Жапаров 10-декабрда – 1948-жылдагы БУУнун Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынган күнү Кыргызстандын акыйкатчысы Жамиля Жаманбаеваны кабыл алды.***

Мамлекет Башчысы Акыйкатчы институтун Адам укуктары күнү менен куттуктап, бардык укук коргоочулардын жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча аткарган миссиясынын маанилүүлүгүн белгиледи. Президент үстүбүздөгү жылы “Кыргыз Республикасынын акыйкатчысы (омбудсмени) жөнүндө” Конституциялык мыйзамга кол коюлганын эске салып, мыйзамдын алкагында кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун функциялары кайталоолорду болтурбоо жана адам укуктарын коргоонун улуттук механизмин күчөтүү максатында Акыйкатчы институтуна интеграцияланды. Президент акыйкатчынын көз карандысыздыгын мындан ары да мыйзамдык жактан бекемдөөгө жана аны Париж принциптерине толук ылайык келтирүүгө колдоо көрсөтөрүн билдирди.

## Адылбек Касымалиев иш сапары менен Орусияга барды



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев 11-декабрда Орусиянын Москва шаарына иш сапары менен барды. Министрлер Кабинетинин Төрагасы иш сапарынын алкагында Евразия өкметтер аралык кеңешинин кезектеги жыйынына, ошондой эле илим жана технологиялар жаатындагы кызматташтык боюнча эл аралык конференцияга катышат.

## Эл аралык тоолор күнү

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кыргызстандыктарды Эл аралык тоолор күнү менен куттуктады. Төрага өз куттуктоосунда Президент Садыр Жапаровдун демилгесине жана БУУнун Башкы ассамблеясынын резолюциясына ылайык глобалдык деңгээлде Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча 5 жылдык иш-аракеттер ишке ашырылып, биздин өлкө өнөктөштүктү бекемдөө менен эл аралык аренада Тоо күн тартибин алга жылдырууга олуттуу салым кошуп жатканын кошумчалады. Бул символикалык күнү Кыргызстандын бардык жарандарын, өнөктөштөрүн жана досторун тоолорду туруктуу өнүктүрүүгө өз салымын кошууга: Жаратылышка багытталган чечимдерди кабыл алууга, тоолорубуздун флорасы менен фаунасын коргоого, инновацияларды, экологиялык маданиятты өнүктүрүүгө жана бул багыттарда эл аралык кызматташтыкты алга жылдырууга чакырaарын билдирди.



## 300 млрд сом

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев Кыргызстанда 2020-жылдан бери жемкорлукка каршы күрөштөн мал-мүлк, каражат түрүндө мамлекетке 300 млрд сомдон ашык каражат кайтарылганын билдирди. Атайын кызматтын төрагасы “Region” телеканалына жемкорлукка каршы күрөш боюнча курган маегинде 1000ден ашык завод-фабрика жана ар кандай мекемелер, ошондой эле 30 миң гектардан ашык жер мамлекетке алынганын, натыйжада жемкорлук элементтер азайып, мамлекеттик мекемелерде жок дегенде жемкорлукка аралашкандан айбыгып, мыйзамдан коркуп калышканын шардана кылды. “Биз эми муну андан ары өнүктүрө берсек коом, мамлекеттик органдар көнөт” - деди ал.

## Конституциялык сот өлүм жазасына каршы



Конституциялык сот “өлүм жазасын конституциялык түзөтүү аркылуу калыбына келтирүү Баш мыйзамга ылайык келбейт, жол берилгис жана укуктук мааниде мүмкүн эмес” - деген тыянакка келди. Мындай шартта “Конституцияга өзгөртүү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору референдумга чыгарылышы мүмкүн эмес жана аны кабыл алуу демилгесин ишке ашыруу боюнча бардык жол-жоболор Конституциялык соттун корутундусу күчүнө кирген учурдан тартып токтотулууга жатат. Белгилей кетсек, долбоордо балдарды зордуктоо, ошондой эле зордуктоо менен коштолгон адам өлтүрүү үчүн өлүм жазасын колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган. Конституциялык түзөтүү аркылуу өлүм жазасын калыбына келтирүү бул стандарттардан баш тартууну, укуктук өнүгүүнүн ырааттуулугунун үзгүлтүккө учуроосун, инсандын кадыр-баркынын артыкчылыгына жана анын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктерин бекемдөөгө багытталган конституциялык вектордон четтөөнү билдирет. Эске салсак, Конституциялык сотко “Конституцияга өзгөртүү киргизүү жөнүндө” мыйзамдын долбооруна корутунду берүү тууралуу Президенттин сунуштамасы декабрь айынын башында келип түшкөн.

**"Эркин-Тоо" пресс**

"ЭРКИН-ТОО"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



БҮГҮНКҮ ЧЫНДЫК

# Коррупцияга каршы катаал күрөш жүрүүдө

Акыркы жылдары коррупцияга каршы күрөш буга чейин болуп көрбөгөндөй деңгээлде, чечкиндүү түрдө жүрүп жатканын көрүүдөбүз. Күн сайын уурдалган мүлктөр, тоналган байлыктар кайтарылып, мамлекеттин казынасына тырмагын матыргандар кармалууда. Бул жерде өзгөчө ишти Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы аткарууда. Аталган мекеме 5 жыл ичинде уюшкан кылмыштуулук жана коррупцияга каршы күрөштөн мамлекетке 300 млрд сом түшүрүптүр. Бул оңбогондой чоң каражат. Биздин бюджеттин жарымы десек болот.

Албетте, эң биринчи кезекте Өлкө жетекчиси Садыр Жапаровдун саясий эркинин негизинде ишке ашууда. Бийликке келген күндөн тартып укук коргоо органдарына катуу талапты коюп, коррупциянын тамырын кыркуу керектигин тынбай белгилеп келе жатат. Бир ай мурунку маектеринин биринде дагы жемкорлук маселесине токтолуп, алкымы бузуктардын баарына чара көрүлөрүн белгилеген.

“Жогорку жакта жоголду. Акимдер, мэрлер, айыл өкмөттөрдө токтобой жатат. Аймактарды өнүктүрүүгө деп бөлүп берген миллиарддаган акчалардын жарымын жеп, калган жарымы менен дагы жыргатып иш жасабай жатышат. Ылдый как оңолбой жатат. Ал жакта дагы көчтү бара-бара түздөйбүз. Уурдагандардын баарын кайтартабыз. Кайда, канча акча бөлүндү, кайсы жумуштар аткарылды, канчага аткарылды, канчасы желип кетти деген тапшырмам боюнча бардык жактарда комиссия иштеп жатат. Жыйынтыгы декабрдын аягы же январь айында чыгып калыш керек. Жыйынтыгы менен чараларды көрөбүз” деген Президент.

Мамлекет Башчысынын тапшырмасын УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев ийгиликтүү аткарып, коюлган милдеттин өтөөсүнөн чыгып жатканына баарыбыз күбө болуудабыз. Президенттин сөзүн жерге калтырбай, жемкорлорго болгон коррупцияга каршы күрөштү системалуу күрөшкө айлантып, ириген коомду тазалоонун үстүндө маңдай терин төгүүдө. УКМК төрагасы уурдалган акчаларды кайтаруу менен эле чектелбей, жемкорлуктун алдын алуу менен коррупциясыз коом курууга жан үрөп жатканы баарыбызга эле байкалууда. Алкымы бузуктар менен бир жылдай алпурушкандан кийин күрөштүн тактикасын өзгөртүп, демилге көтөрүп, мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Ал аракети менен мамлекеттин казынасына колун матырган чиновниктердин үй-мүлкүн гана конфискациялап койбой, эркиндигинен ажыратып, толук кандуу жазалоо тартибине жетишти.

Аталган мыйзамга Президент кол коюп, 2025-жылдын башында күчүнө кирди. Анын аткарылышына бир мисал айтсак, Токмоктун мурдагы мэри 13 жылга эркинен ажыратылды, учурда жаза мөөнөтүн өтөп жатат. Бул факты коррупция менен чечкиндүү түрдө күрөшүүнүн натыйжаларынын бири. Мыйзамдын дагы бир жагдайына жараша, коррупциялык ишке баргандардын жакындары мамкызматтардан бошотулуп, экинчи мамкызматтарда иштей алышпайт. Мындай катаал чараларга барбаса, 30 жыл ичинде аңсезимге сиңип калган жемкорлук илдеттен кутулуу мүмкүн эмес экен. Аны баарыбыз жон терибиз менен сездик. Чынын айтканда, коррупциянын түбүнө жетип, коррупциясыз коом, өнүккөн өлкө куруу үчүн ушундай кадамдарга баруу керектигин убакыт өзү көрсөттү. УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев дагы муну түшүнүп, ушундай аракеттерди жасоого аргасыз болду.

Эч кимге жашыруун эмес, 2020-жылга чейин уурдап-тоноо деген кадимкидей эле көрүнүшкө айланып калган эле. Эптеп мамлекеттик кызматка илингендин баары уурдачу. Жемкорлук деген өөн учурабай калган. Бардыгы чогулуп алып өлкөнү коррупциянын сазына батырып, талкалана турган жерге жеткизип бүткөн эле. Кудай жалгап, Садыр Жапаров менен Камчыбек Ташиев бийликке келери менен баары өзгөрдү.

2001-жылы “чү” дегенде эле “кылым аферасы” деп аталган “Кумтөрдү” кайтарды. Буга эч бир президент даай алган эмес. Анын кайтарылышына эл дагы ишенбей калган. “Кумтөр” коррупциянын эң башаты, жемкорлуктун дөө-шаасы эле. Ошондон баштады. Жакында баарыбыз уктук, акыркы 5 жыл ичинде мамлекетке 1 млрд доллардан ашык кирене алып келиптир. Эсибизден чыгарбашыбыз керек, дили бузук жетекчилер отурган 30 жыл аралыгында мамлекет болгону 100 млн доллар гана киреше тапкан. Бул сандар мурдагы президенттер мамлекеттин байлыгын кандай масштабда уурдап, талап-тоногонун көрсөтүп турат. Биз жалпыбыз билебиз, алар канадалык шылуундарга түздөн-түз көмөктөшүп, кирешенин бир бөлүгүн чөнтөктөрүнө салып турушкан. Азыр өлкөнүн сыртына качып кеткендери да, бул жерде резиденцияда жаткандары да ошол акчаларды кемирип жатышат. Анын баарын кустурушубуз керек.

Ага удаа кылмыш дүйнөсүнүн башчысы Камчы Көлбаев жок кылынып, коррупциянын символуна айланган Матраимов кармалды. Ошондо мамлекетти системалуу түрдө тоноп жаткан жемкорлордун бели мертинди. Маселен, “мыйзамдагы ууру” Камчы Көлбаевдин байлыгы 1 миллиард доллар болгон. Бишкектеги 700 батири эле эмне деген байлык!? 80 миллион сомдук жылкылары, Бишкектеги Чүй проспектисиндеги “Ай-Пери” имараты, Каракол лыжа базасынын жанындагы 2 гектар жер, “Күрмөнтү цемент” заводундагы 93 пайыз үлүшү, MOQO кофейнясы, “Булат” аңчылык клубу, кымбат баалуу унаалары, жер участкалары, айтор айта берсе түгөнбөйт. “Криматалыкка” тиешелүү болгон алтын жана бриллианттан жасалган таажысынын өзү эле 500 миң доллар экен. Анын баары мамлекетке өткөн.

Ал эми Райым миллиончу. Анын атын уккан баары бүгүлүп, ийилип турушчу. Бажыдагы мыйзамсыз түзүп алган схемасынын урматы менен байып, Кыргызстандагы эң көрүнүктүү жана таасирдүү адамга айланган Райымбек Матраимов биринчи кармалганда 34 миллион 810 миң долларлык мүлкүн өткөзүп берген. Анын ичинде, “Бай Таш Tower” турак-жай комплекси, “Эльдорадо” соода комплекси, Erem спорттук клубу, Кара-Суу жана Ысык-Ата райондорундагы бажы терминалдары болгон. Жалпы айтканда, Раим миллион биринчи кармалганда 2 млрд 200 млн сом төгүп чыккан. Экинчи кармалганда 200 миллион доллар, сомго айландырганда 17 миллиард сом төккөн.

Жогоруда криматалык Камчы Көлбаев менен бажычы Райымбек Матраимовдун жыйнаган байлыгынан, мүлктөрүнөн эле буга чейин Кыргызстанды кимдер башкарып келгендигин таасын көрсөк болот. Мамлекетти мите курттай соруп, байлыгын тоноп жаткан мына ушул ажыдаарлардын башын УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев кыя чапты. Генералга чың ден соолук, кажыбас кайрат тилейбиз! Өлкөдөгү жемкорлукту түп орду менен жоготушуна тилектешпиз!

АКТУАЛДУУ МАЕК

# “МЕН ҮЧҮН МАМЛЕКЕТТИК ТАРТИП КЕРЕК”

УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев жергиликтүү “Регион” телеканалына кеңири маек берип, бир катар маселелерге токтолду. Сөзүнүн башында карапайым калк арасында коррупцияны жараткан бул – мамлекеттик органдар экенин белгилеген. Анын айтымында, мамлекеттик органдардын арасындагы коррупция негизинен бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүдө, аларды пайдаланууда жана жыйынтыгын чыгарууда билинет.

“Мамлекеттик органдардын арасында коррупцияны жөнгө салуу, жоюу негизги милдеттердин бири. Андан тышкары, кызматтык абалдан пайдаланууда, бюджеттик-финансылык каражаттарды өзүнө ыйгарып алуунун негизинде коррупция башталат. Мына ошолорду тартипке салуу үчүн бизде көп иштер жүрүүдө. Президентибиз менен чогуу коррупцияга каршы беренелерди жана бир топ мыйзамдарга чоң өзгөртүү киргизүүнү чечим кылдык. 2024-жылдын аягына чейин ошол мыйзамдарды иштеп чыгып, кабыл алдык. Президентибиз Садыр Жапаров 2024-жылдын 30-декабрында коррупцияга жазаны күчөткөн бул мыйзамга кол койду” деди К.Ташиев.

Кыргызстанда буга чейин жемкорлукка айыпталгандар айып пул төлөп, эркиндикке чыгып кеткен учурлар болгон. Жаңы мыйзамда күнөөлөнгөн адам өз күнөөсүн мойнуна алса да, тергөө менен кызматташса да, келтирилген зыянды ордуна койсо да коррупциялык беренеде каралган мөөнөттүн жарымын сөзсүз камакта өткөрүшү керек.

УКМК жетекчиси Камчыбек Ташиев маегинде коррупцияга каршы күрөштөгү утуш жана утулуш боюнча да сөз козгоп, жакын адамдарын камаганын айтты. Ошондой эле бул жерде Президенттин саясий эркинин негизинде ишке ашканын белгиледи.

“Мамлекеттик деңгээлдеги коррупциялык күрөштүн аягына чыга элекпиз. Буюрса, аягына чыгарыбызга ишенебиз. Эң башкысы, биз мамлекетте мыйзамдуу тартипти орноттук. Азыр айтып жатышпайбы, “Ташиев келсе эле иштеп калат, коркуп кетет” депчи. Бул менин аты-жөнүм эмес, бул мыйзамдын аты-жөнү. Мыйзам иштей баштаганынын далили. Эл, коом мыйзамдын иштегенин тааный баштады, ушул тартип деген болот. Биз ушуну уттук, ушуну жасадык. Ушуга эркибиз, күчүбүз, акыл-эсибиз жана саясий эркибиз жетти. Урматтуу Президентибиздин эрки коррупция жана уюшкан кылмыштуу топ менен күрөшүүгө жетти. Ушуну менен биз уттук. Ошол эле маалда биздин утулушубуз да болду. Бул өмүрдө чогуу жүргөн көптөгөн тааныш-тамырларды, досторду, жакын тууган-уруктарды жоготтук. Себеби, биз жакындарыбызды да камадык. Ачык эле айтайын, бүгүнкү күндө менин бир кудагыйым камакта отурат. 2022-2023-жылдары кылган кылмышы үчүн. Ошону чыгарабыз деп мага кимдер гана келбеди. Бир тууган агамдын баласынын кайын энеси эле, баары келди. Мен эч кимисине жол бербедим, ал мыйзамдуу жазасын алышы керек. Аны жазага тартпасам, башкалар ишенбейт. Бир тууган агамдын баласы МАИ кызматкерин сөккөн экен, алып барып камадык. Эгер аны камабасам, экинчиси барып прокурорду сөгүшү мүмкүн. Үчүнчүсү барып акимди сөгүшү мүмкүн. Коомдо тартип орнобой, башаламандык башталат. Ошондой болбош үчүн көзү өтүп кеткен бир тууган агамдын баласын алып барып камадым. Туугандардын баары мени жек көрүп жатат. Мен үчүн мамлекеттик тартип керек” деди К.Ташиев.

Өз маегинде УКМК төрагасы пара көтөрүп келгендер боюнча айтып, аларды жоопкерчиликке тартканын билдирди.

“Мен коррупция менен күрөшүүдө үрөй учурган, чачты тик тургузган көрүнүштөргө күбө болдум. Менин коррупцияны жок кылуу боюнча ниетими, максатымы кээ бирлер олуттуу кабыл алышкан жок. Ошол себептен мени коррупцияга аралаштырууга, акчанын күчү менен жолдон адаштырууга катуу аракет кылышты. Үйүмө коробка толгон акчаларды көтөрүп алышып, тигил же бул маселени чечип берүүнү сураныштты. Мен алардын өздөрүн коррупциялык иштер үчүн кармап, камап, жоопкерчиликтерин карадык” деди.

УКМК башчысы, коррупциянын рейтингин аныктаган кээ бир эл аралык уюмдар өздөрү коррупциялашып кеткени боюнча да билдирди. Анын айтымында, Кыргызстандын коррупцияга каршы күрөшүү рейтинги кыйла жакшырыш керек эле, бирок эл аралык уюмдарга анын кереги жок болуп жатат.

“Мамлекеттердеги коррупциянын рейтингин чыгарган уюмдар биздин өлкөнүн эл аралык уюмдардын арасындагы аброюн бир нече тепкичке кайра түшүрүштү. Эми ал эч нерсени өзгөртпөйт. 2020-жылга чейинки коррупциялык көрүнүштөрдүн абалы менен азыркы коррупциялык элементтер менен абалды салыштыруу мүмкүн болбойт. Биз кыйла өзгөрдүк, коом менен мамлекеттик органдар өзгөрдү. Коррупцияга байланыштуу мыйзамдарды катаалдаштырдык. Азыр коррупция ылдыйкы ченемдерде азыраак болуп жатат. Бирок, аларга мыйзам таасирин берет” деди К.Ташиев.

**Бетти даярдаган**
**Зулпукаар САПАНОВ**

МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ

## КЫРГЫЗСТАН "ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР" ОЮНДАРЫНЫН БРЕНДИНЕ ӨЗГӨЧӨ УКУКТАРДЫ АЛДЫ



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары" товардык белгисине өзгөчө укуктарды мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү аземине катышты.

Адылбек Касымалиев өз сөзүндө Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын негизги ролун белгиледи. "Бүгүн биз абдан маанилүү окуяга күбө болуудабыз. Акыркы он жылдыкта Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары этникалык маданиятты, көчмөндөр цивилизациясынын баалуулуктарын жана салттуу спортту жайылтуу боюнча эң ири глобалдык аянтчалардын бирине айланды. Бул долбоор бүгүнкү күндө Кыргызстан үчүн чыныгы улуттук бренд, мамлекетибиздин маданий дипломатиясынын флагманы жана эл аралык беделибиздин маанилүү символу", - деди ал.

## АЛЫКУЛ МАЖАР ТИЛИНДЕ




Кыргыз, орус, англис тилинде Памирбек Казыбаев түзгөн Алыкул Осмоновдун "Ысык-Көл толкуну" жыйнагы Мажарстанда кыргыз-венгер тилинде "Көл толкуну" аталышында чыкканы эки өлкөнүн адабий байланышынын соңку жаңылыгы – 12-декабрдагы Алыкулду эскерүү, Айтматовдун туулган жана жалпы жазуучулардын, кыргыз адабиятынын күнүнө арналган руханий белек болуп калды.

Котормочу Даут Кара Шомфаи буга чейин Чыңгыз Айтматовдун "Кайрылып куштар келгенче" аңгемесин, "Чыңгыз хандын ак булуту" повестин жана "Манас" эпосунун 20 миң сабын (Б.Жакиев боюнча) которгон. Котормонун редактору Аида Памирбек кызы буга чейин "Айтматовго Мажарстандын урмат сыйы" адабий-публицистикалык жыйнагын түзгөн.

Памирбек Казыбаевдин айтымына караганда Алыкулдун поэзиядагы Акбоз аты Россия Федерациясындагы бизге тектеш элдерге да чабыла баштамакчы. Ал эми Кытайдагы кыргыз элчилигине Осмоновдун 145 беттик ырлары уйгур тилине которулуп, араб тамгасында терилип, Кытайдагы кыргыз окурмандарына китеп түрүндө чыгаруу үчүн жөнөтүлгөнүнөн да жыйынтык күтүлүүдө.

Айтмакчы, үч тилдеги жыйнагы 2022-жылы эле КЭРдин Бишкектеги элчилигине кытай тилине которуу боюнча сунушталып берилген.

## ВЕТЕРИНАР БОЛГУҢУЗ КЕЛЕБИ?



Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жаш ветеринарларды колдоо программасын даярдады. Пилоттук программа «Жаш ветеринар: турак жай жана карьера» деп аталат. Учурда бул боюнча Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелүүдө. Программа алыскы жана шарты катаал аймактардагы мал дарыгерлеринин жетишсиздигин жоюуга багытталган. Ага бир жылда 60 жаш адис катыша алат жана алар кеминде беш жыл иштеп берүү тууралуу милдеттеме алышат. Кызматына жараша колдоо да болот. Айлык акысын жогорулатуу, ипотекага баштапкы төлөм чогултуу үчүн депозитке ай сайын каражат топтоо, батир ижарасына кенемте төлөп берүү же кызматтык турак жай менен камсыз кылуу каралган.

**"Эркин-Тоо" пресс**

БИЗГЕ ЫНТЫМАК КЕРЕК



# МАНАСЧЫЛАР ЭМНЕГЕ ЖАҢЖАЛДАШТЫ?

***Эки күн мурун журтубузду өтө кейиткен, жалпы кыргыздын кабыргасын кайыштырган маалымат тарап, Кыргыз улуттук "Манас" театрында бир катар манасчылардын ортосунда чыр-чатак чыкканы коомчулукка желдей тарады. Социалдык түйүндөрдө бири-бирине карама-каршы чыгып, жүрөк сыздаткан пикирлерди айтышууда. Жалпысынан алганда бул өтө кейиштүү нерсе болду.***

***Алгачкы маалыматты манасчы Асаналы Калил уулунун жубайы Наргиза Эмилбек кызы таратып, Фейсбуктагы баракчасына пост жазып, күйөөсүн кесиптештери – манасчылар Рыспай Исаков, Нурбек Калыбек уулу жана театрдын директору Нурбек Талантбеков сабап салганын билдирген. Ага катар социалдык тармактарда Асаналы Калил уулунун окуя тууралуу айткан кыска видеосу тарап, мурдун сындырганын билдирди. Манасчы Асаналы Калил уулунун жубайы Наргиза Эмилбек кызы жергиликтүү маалымат булактарына ден соолугу тууралуу айтып, "Түндө дене табы көтөрүлүп кыйналып чыкты. Бүгүн таңкы саат 4.18де "тез жардам" чакырдык. Бирок ал келбей, саат 5.10до Бишкектеги №4 шаардык клиникалык ооруканага жеткирдик. Ал жер кабыл албай, республикалык ооруканага алып бардык. Ал жерден текшерүүдөн өттү. Башы чайкалыптыр. Жаагында жана мурдунда жарака бар экен. Азыр бети-башы шишик, көк ала. Шишик тарагандан кийин мурдун кайра текшеребиз дешти. Ооруканада орун жок, жаткырганга мүмкүнчүлүк жок деп, уколдоруңарды бейтапканага барып алып тургула деп жөнөтүштү" деген.***

***Наргизанын билдиришинче, чыр "Жаратман Манасчы" сынагына байланыштуу чыккан. Асаналы Калил уулу ич ара сүйлөшүүлөрдө конкурс калыс өткөн жок деген пикирин билдиргенден улам ур-токмокко алышкан. Экинчи тарап пикирин билдире элек.***

***Аталган жагдайды жеринде тактап, объективдүү баа берүү максатында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги атайын комиссия түзгөнү кабарланды. Иликтөө толук бүткөн соң, министрлик коомчулукту жыйынтыктары боюнча кабардар кылат. Комиссияны министрдин орун басары Аскаралы Мадеминов жетектеп жатканы айтылды.***

**Мерцбахер атындагы экологиялык-коомдук мөңгү фондунун төрагасы Үрүстөм КАБЫЛБЕКОВ:**



- Бүгүнкү Манастын тегерегинде болуп жаткан чатак бул туура эмес. Мындай болбошу керек. Манас менен тамашалашпаш керек. Манастын тегерегинде ызы-чуу кылсаң бир күнү ушундай нерсени көрсөтүп коёт, эсиңден эч качан кетпей тургандай болот. Мен муну ыдык көрүп калган киши катары айтам. Манас айтып тилим чыгып, 8-класста байгелүү орундарга жеткен киши катары айта алам. Ооба, мен кийин манасчы болбой, жазма акын болуп кеттим. Бирок, манасчыларга мен айта алам, укугум бар. Эгер менде түшүнүгүм жок болсо тартынмакмын, акым да жок болмок. Бир окуя айтайын, Көчмөндөр оюнунда Ала-Тоо айымдары манасчылар үчүн деп бир үй тиккен экен, барсам эч кимиси жок. Кайда булар деп сурасам, "кой сойбосоң кеттик" деп таарынышты дейт. Издеп барсам, Жалал-Абад облусунун тургундары менен отурушуптур. Силерге эмнеге кой союшубуз керек, силерге мамлекет 200 миң берген турбайбы дедим. Манасчылар өзүнчө эле каста болуп кеттиңер го өзүңөрдү ыйык тутуп, төкмөлөр келсе төрдү бер деп дагы жатасыңар, качан аксакалдан жогору отурчу эле. Төкмөсү деле, манасчысы деле жашына карап улагада отурчу, айт дегенде айтып, төк дегенде төкчү да. Мен бала кезде жаттап эле айтып жүргөм, силер деле ошондойсуңар, эгер чыныгы манасчы болсоңор Саякбайдын деңгээлинде айтып бергилечи, кой эмес ушул жерде төө союп берейин дедим. Анын сыңарындай азыркы чатагы 2 миллион сом экен. Бул анча деле көп акча эмес да. Мен Манаска туура эмес мамиле кылып, көп ирет ыдык көргөм. Кыргызда "Кудай урса кечирет, арбак урса кечирбейт" деп коёт. Демек, Манастын арбагы менен тамашалашпаш керек. Ошондуктан, манасчыларга кайрыларым, уруш-талашты токтоткула. Эгер мындай майдалансаңар Манастан алыс жүргүлө, тийишпегиле! Паам-парасатыңар Манас айтуунун деңгээлинде болбосо, өз алдыңча айтып жүрө бер, аялыңа айтасыңбы, балаңа айтасыңбы, элдин алдына чыкпа. Манас биздин сыймыгыбыз, таянган тообуз. Сырттан карагандар эмне дейт, кыргыз жетер жерине жетиптир дебейби. Айтор, Манасты бизнеске айландырып, тамашалашпагыла. Манас айтсаң паам-парасат менен жүр, үлгү бол. Болбосо көчө шыпыр, шоопур, куруучу, жолчу болуп башка иш кыл, Манастан айланба. Манастын тегерегинде чайкоочулук кылганы жарабайт. Эгер муну токтотпосо, балээни баштарына үйөт. Кутулуп кетем дегендер жаңылат.

**Журналист Тынчтык АЛТЫМЫШЕВ:**



- Манасчыларыбыздын айланасындагы окуя, анын андан ары алып учкан жүздөгөн кайчылаш пикирлерди карап отуруп, мунун баарынын себеби Түгөлбай Казаков атабыздын: "Тоокканада тоок болуп калыш бат, тоок бүркүттүн эртеңкиси табышмак, улуулугу качып барат канынан, унутулган уламыштай алыстап" деген саптарында катылып турганын туйдум. Кылымдан кылымга өчпөй, унутулбай, жок болуп кетпей, кемип кетпей, Жараткандын гана жазмышы менен миллиондон бир кишинин көкүрөгүнө уюп, көмөкөйүнөн куюлуп, жамы кыргыздын кулагына угулуп, ыйыгындай туюлуп келген Манасты биз тоо бүркүттү тоокканага камагандай бир кичинекей театрга камап, академияга аргамжылап, аны өтө эле ылдый тартып, кол жеткен буюмдай колдонууга өткөрүп, касиетин качырып, улуулугуна шек келтирип алган жокпузбу?! Манасчылыкты жөн салды бир үйрөнүп, өздөштүрүп кете турган кесиптей көрүп, аны «даңазалайбыз», «пропагандалайбыз» деп массалык түрдө жасалма жайылтууга мамлекеттик деңгээлде аракет жасап, окуучуларды «оптом» жаттатып, жаңылып жаткан жокпузбу? Ошондон кийин 10 жаш манасчы чыктыбы суурулуп? Андан да ары «заманбапташтырып» АЙТИчилердин жардамы менен «ЖИ манасчыларды» жаратып, жарымын академияга мүчө, жарымын театрга актёр кылып жиберчүдөй болуп турабыз, Кудай сактасын. Лекин, бизге чейин бу Манасты коргоого, колдоого, жайылтууга жан үрөгөн жан чыккан эмеспи? Далай залкарлар, улуттун уюткулуу жандары өткөн го? Ошолор аракет кылбады бекен? Же алар Манастын улуулугун, аруулугун, сырдуулугун, касиетин астыртан туюп-билип, ага даап чыга албады бекен?! Он сегиз миң ааламдын бир кереметиндей болгон Манасты алар балким биздей жеңил карап, анын океандай келберсиген кеңдигин тарытып, бир А4 баракка батырып, «рекорд» кылууну ойлоруна да албаса керектир?! Ойлонуп көрөлүчү дагы…

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



12-ДЕКАБРЬ – ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ТУУЛГАН КҮНҮ

# ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН ЖАМАНДЫКТЫН КҮРӨШҮ – АДАМЗАТ КӨЙГӨЙҮ

Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун "Жамила" повестинен кийин катуу сынга кабылган чыгармасы "Ак кеме" повести болгон. Бул чыгарманын катуу талкууга туш келгенинин биринчи себеби, Ч.Айтматовдун жаңыдан жарык көргөн кайсы гана чыгармасы болбосун окурмандар арасында зор резонанс жаратчу. Экинчиден, советтик мезгилде окурмандардын адабий процесске кызыгуусу азыркы учурга салыштырганда алда канча жогору болгон. Мына ушул жагдайда советтик адабиятчы Д.Стариков менен казак жазуучусу Ануар Алимжанов "Ак кемени" кыябы келип турганда, талкалап коюуну чечишкен эле. Алар адабиятта өзүн жаңы көрүнүш катары көрсөткөн чыгарманы советтик жашоо чындыгына дал келбеген чыгарма деп катуу сынга алышкан. Мындай сын окурмандарда терс пикир жаратып, олку-солку абалга алып келүү менен "Ак кеменин" келечегине доо кетирип коюшу да мүмкүн эле. Ошондуктан мындай кырдаалдан чыгуу үчүн Чыңгыз Айтматов өзү алардын "Ак кеме" тууралуу суу кечпеген пикирлерине каршы чыгууга туура келген жана "Литературный газета" газетасына "Зарыл тактоолор" ("Необходимое уточнение") деген аргументтүү макаласын жарыялоо менен жогорудагы авторлордун суу кечпеген пикирлерин, калпыс ойлорунун мизин кайтарган жана бул макала адабий чөйрөдө абдан зор кызыгууну жараткан. Бул макаласы менен Чыңгыз Айтматов улуу жазуучу гана эмес, адабиятты терең түшүнгөн улуу адабиятчы экендигин дагы бир жолу ырастап көрсөткөн. Чынында "Ак кеменин" айланасында адабий чөйрөдө талкуунун кызуусу бир топко суубай, адабият сүйүүчүлөрдүн арасында да бул чыгарма тууралуу түркүн-түркүн пикирлер айтылып турду. Алардын бир даары социалисттик түзүлүшкө каршы жазылган чыгарма деп айтып жүрүштү. Бирок мага "Ак кеменин" сюжетинен, идеялык мазмунунан социализмге каршы жазылган чыгарманы көрүү кыйын болду. Айрым көрүнүктүү адабиятчы-изилдөөчүлөр бул чыгарманы адабий процесстеги жаңы көрүнүш катары баалашпады беле. Менин көңүлүм "ал эмнеси менен жаңы көрүнүш?" деген суроого бурулду. Бул чыгармасында Ч.Айтматов алгачкы жолу адамдык мамиледеги жамандык менен жакшылыктын карама-каршылык темасын алып чыккандыгы мага ачыктан-ачык айкын болду. Чыгармада жакшылыктын өкүлү Момун чал менен бала болсо, жамандыктын өкүлү Орозкул. Момун чал менен баланын идеалы Бугу-эне. Бугу-эне алар үчүн ыйык. Анткени Бугу-эне кайсы бир заманда баскынчылар кыргыздарды чаап, кыргынга учуратып жатканда сууда агып бараткан бешиктеги баланы мүйүзүнө илип жээкке алып чыгат да баланы эмизет, баланы эрезеге жеткирип, чоңойтот. Бул уламыштын драматизми "Ак кеме" фильминде өтө таасирдүү чагылдырылган. Мында Бугу-эне кыргыздарды тукумкуруттуктан сактап калган деген ой камтылгандыгын көрөбүз. Ушундай уламыш аркылуу жазуучу адамзат менен айбанаттар дүйнөсү жер бетинде бири-бири менен ажырагыс байланышта экендигин жана ушул уламыш Момун чал менен баланын кан-жанына сиңип калгандыгын чагылдырган. Аны менен бул каармандардын ички дүйнөсүнүн жуураттай тазалыгы ачылып берилген. Ал эми ушундай жуураттай тазалыкка карама-каршы турган контрасттык – күч чыгарманын экинчи жээгиндеги каарман Орозкул. Ал "Бугу-Эне" жөнүндөгү уламышты айтып жүргөн Момун чалды дөдөй деп эсептейт. Бугу-эне жөнүндөгү уламышты түшүнгүсү да келбейт, аны жек көрөт, укканда кыжырданат. Мурунку убактарда кыргыз жергесин байырлап, кийин башка жактарга оой кеткен бугу, маралдардын бул жакка кайрадан келип калганын көргөн Момун чал кубанычы койнуна батпай кубанат эмеспи. Орозкул болсо ага кайдыгер. Мунусу менен ал ички дүйнөсү көңдөй, чектелүү пенде экендигин көрсөтөт. Орозкул кара жанынын кайгысын тарткан көр пенде. Ал канча убактан бери келбей жүрүп кыргызга кайрылып келген Бугу-эненин тукумун атып өлтүрөт. Этин беш бармак кылып жейт. Мүйүзүн өзү өлөрүнө чейин курдуруп койгон күмбөзүнүн төбөсүнө койдургусу келет.

Ошентип, "Ак кемеде" жакшылык жамандыктан утулат. Муну пессимисттик жыйынтык катары кароого болобу? Жок, бул трагедия. Ооба, "Ак кемеде" жамандык тарап жеңишке жетишкендей көрүнүшү мүмкүн. Бирок окурман баары бир жакшылыкты туу туткан идеалдуу кыялдагы Момун чал менен бала тарапта болот. Чыгарманын түпкү максаты да ошондой болуш керек. Адамдарды ойго салат жана жамандыктардын жакшылыктарга үстөмдүк кылуусуна жол бербөө керектигин, экинчи жагынан Момун чал сыяктуу чөптөн башкага зыяны жок идеалдуу адамдарды коргоо керектигин билгизет.

Залкар жазуучубуздун "Ак кеме" повестинде чагылдырылган мына ушул жакшылык менен жамандык мамилелеринин күрөшү "Кыямат" романынын үчүнчү бөлүгүндө да улантылган десек болот. Мындагы сюжет карышкырлар Акбара менен Ташчайнардын жана чыгарманын баш каармандары болуп саналган Базарбай менен Бостондун айланасында өнүгөт. Бул образдар аркылуу жакшылык менен жамандыктын күрөшү чагылдырылат. Базарбай менен Бостон соңуна чыгып бараткан социализм убагындагы кыргыздын кадимки кой баккан чабандары. Муну романды окуган окурмандар жакшы билишет. Болгону Бостон алдыңкы чабан, Базарбай катардагы чабан. Экөөнүн ортосундагы конфликттин келип чыгуусуна бир жагынан мына ушул жагдай түрткү болот. Базарбай Бостондун алдыңкылыгын жактырбайт. Адамдагы эң жаман сапаттын бири көралбастык эмеспи. Чыгармадан дал ушул көрөалбастык сапат өзүндө жамандыкты алып жүргөн Базарбайга таандык экенин көрөбүз. Алар бири-бирин жиниңдей жаман көрүшөт. Бостон мүнөзү жагынан алганда "Кош бол, жаныбарым Гүлсарыдагы" Танабайга окшошуп кетет. Бирок Бостон ачык айкындык заманынын каарманындай көрүнөт. Ал ошол доордо болуп жаткан жаңылыктарга кайдыгер карабайт. Аны колдойт, кубаттайт. Коомдо жүрүп жаткан өзгөрүүлөргө өзүнүн салымын кошкусу келет. Ошондуктан чогулуш, жыйындарда чыгып сүйлөп өзүнүн сунуштарын элге жарыялап айтат. Мисалы, ал жайлоолорду деградацияга учуратпоо үчүн жайыттарды кой баккан чабандарга ээлик кылууга бериш керек. Ошондо жайлоону ээликке алган чабандар жайыттарды натыйжалуу пайдалануу менен аны экологиялык жактан бузулуусуна жол бербейт деген маселени коёт. Бостон ушул сыяктуу жаңы идеяларды чогулуш, жыйындарда көп айтат. Бул анын новатордук ойлорго бай экенин көрсөтөт. Ошондой эле анын кой багуудагы алдыңкы тажрыйбасы боюнча райондун чабандарына семинарлар өткөрүлүп турат. Ошондуктан аны райондун жетекчилери чогулуштарга тез-тез катыштырышат. Бостондун совхоз парторгу Кочкорбаевге чындыкты айтып, жалтанбай каршы сүйлөп чыкканы "Кош, жаныбарым, Гүлсарыдагы" Танабайга окшошуп кетет. Бостондун мына ушундай жигердүүлүгү Базарбайдын кыжырын келтирип турат. Мына ушундан Базарбайдын жамандыктын адамы экени көрүнүп турат. Ал бирөөнүн ийгилигин көрө албаган Орозкул сыяктуу көрпенде. Эгерде "Ак кемеде" жамандыкты Орозкул аркылуу көрсөк, "Кыямат" романында Базарбай жасаган жамандык иштер трагедияга алып келгендигин көрөбүз. Базарбайдын эң эле болбоду деген жаман сапаты аракты жакшы көргөндүгү жана аялы көк Турсунду өмүр бою сабап келгендиги десек болот. Ал эми анын трагедияга алып келген чеменсиз жамандыгы казактын Моюнкум жарым чөл талааларынан "жакшы жашоо" издеп Ысык-Көлдүн кырка тоолоруна оой келген карышкырлар Акбара менен Ташчайнардын бөлтүрүктөрүн геологдорду тоо чокуларынын бирине узатып барып, кайра кайтып келатып капысынан үңкүрдөн көрүп калып, кыска ой менен аларды куржунуна салып алып кеткенинен башталат. Ырас Акбара менен Ташчайнар бөлтүрүктөр адамдын колуна түшүп калганын акыркы учурда туюп калышат да Базарбайдын артынан кууп жөнөшөт. Базарбайга такымдап, жетээрге аз эле калганда ал Бостондун кыштоосуна кире качат. Дал ушул эпизодду окуп отуруп зээниң кейибей койбойт. Бечара карышкырлардын жакында эле казактын Моюнкум жарым чөл талааларында бөкөндөргө салынган кыргында үч бөлтүрүгүнүн бири бөкөндөрдүн тебелендисинде калып, бири дайынсыз жоголуп, дагы бири аткычтардын огунан учуп өлбөдү беле. Эми болсо Ысык-Көлдүн кырка тоолорунун арасында Акбара менен Ташчайнардын жарыкка жаңы келген бөлтүрүктөрү жеке керт башынын кызыкчылыгын баарынан жогору койгон жана ырайымсыз Базарбайга курмандык болгону жатпайбы. Базарбайдын ойлогону ушул бөлтүрүктөрдү зообазага өткөрүп, андан алган акчасына арак ичүү болчу. Ойдун ушундай тайкылыгы кийин адамдарга не мүшкүл, азаптарды алып келбеди.




Базарбайдын жамандык ишинин кесепети чыгармада улангандан уланып отурат. Акбара менен Ташчайнар Бостондун кыштоосунун айланасынан "бөлтүрүктөрүбүздү бергиле" дешкенсип улуп-уңшуп кетпей коюшат. Түндүн бир оокумунда карышкырдын улуганы үйгө угулуп турса беш-алты жаштагы Кенжеш гана эмес ата-апасы Бостон менен Гүлүмкандын да үрөйлөрү учуп жатпайбы. Мунун баары бөлтүрүктөргө байланыштуу болуп жатканын түшүнгөн Бостон бөлтүрүктөрдү сурап же сатып алуу үчүн эртеси Базарбайга барат. Мына ушул жерден экөөнүн айтышканын окуп отуруп, төбө чачың тик турат. Базарбай Бостондун чучугуна жете тургандай сөздөрдү айтат. Ал Бостонго карап, ”Чоңдор жырткыч айбандарды аёсуз жок кылгыла дебатат, а сен карышкырларды эркелетип, көбөйтүп өстүрсөм дейсиң. – Ушуну көздөп атасың, же жалганбы? Сен илгерки кулактардын өзүсүң, алдагы кулактардын аң-сезимине жык толгон башың менен ойлонуп көрчү! Мен карышкырдын үңкүрүндөгү тукумду бүт жоготтум, демек, мамлекетке чоң пайда алып келдим, а сен аларды кайра алып барып үңкүргө салам деп олтурасың" - дейт. Сыртынан караганда анын айткандары туурадай да сезилип кетет. Анча-мынча сөздүн тереңдигине маани бербегендер Базарбайдын ушинтип айткандарына ишене бериши да мүмкүн. Чынында анын айткандарынын баары кара ниеттик, жалаачылдык, карасанатайлык менен айтылган сөздөр. Жамандык деген ушинтип кууланат тура. Базарбайдын кууланган сөздөрүнөн тажаган Бостон акырында "бөлтүрүктөрдү берсең да албайм" – деп кетип калат эмеспи.

Чыгармада чагылдырылган Базарбайдын дагы бир карасанатайлык сапатына токтоло кетпесек болбос. Ал Бостонго "Аялын алыш үчүн сен Эрназарды ашуудагы

музун жаракасына түртүп жибергенсиң“ деген чындыкка дал келбеген кинени айтып жүрөт. Ырас, Бостон жардамчы чабаны Эрназар экөө жаңы жайытты табыш үчүн ашууну ашып баратканда Эрназар тайып кетип муздун түбү көрүнгүс тунгуюк жаракасына түшүп кетет. Бул окуя Бостондун басса-турса оюнан кетпеген, жүрөгүнө өчпөс так салган каргашалуу окуя болуп калат. Ал жактан Эрназардын сөөгүн алып чыгуу да мүмкүн эмес болот. Альпинисттер да алып чыгууга аракет жасашат. Бирок болбойт. Эми ушуну Базарбай менен арамза парторг Кочкорбаев экөө тим эле жанында көрүп турушкансып, “Бостон сен Эрназарды атайын түртүп жибергенсиң” – деп ууккан ушакты таратышат. Муну Бостонго каршы тапкан курал кылып алганын карабайсызбы. Чынында Бостондун түртүп ийчү киши эмес экени көрүнүп турбайбы. Ооба, кийин Бостон башка жагдайга, башка шартка байланыштуу Эрназардын жесири Гүлүмканга үйлөнөт. Улдуу болушат, уулунун аты Кенжеш.

Базарбай бөлтүрүктөрдү Бостонго бербей койгондон кийин карышкырлар анын кыштоосун акмалагандан акмалап, улуп-уңшуп коркунуч жаратып жүрө беришет. Алар бир жолу трактористти, бир жолу отунга барган кичинекей баланы жеп коё жаздашат. Короодогу койлорго тийгенден да тартынышпайт. Акыр аягында Бостондун аларды жок кылгандан башка айласы калбай калат, адегенде ал Ташчайнарды атканда Акбара качып, көздөн кайым болот. Бирок күндөрдүн бир күнүндө Акбара Бостондун кыштоосуна келгенде Бостондун уулу Кенжешке жолугуп калат. Ушул жерде бөлтүрүктөрүнөн айрылган Акбаранын энелик сезими ойгонуп, кичинекей бала Кенжешке жасаган мамилеси чагылдырылат. Бирок ага Кенжешти жалына артып ала качканга туура келет. Бостондун Акбараны көздөй аткан бир нече огунун бири өз уулуна жаңылат. Мына трагедия, мына жамандыктын жакшылыкка кылган жамандыгы. Кичинекей уулу, көкүрөк күчүгү Кенжешти өзү атып алганы не деген шумдук. Ушундай айласыздыкта Бостон жамандыктын жарчысы Базарбайга өзү өкүм чыгарып, аны кишилердин көзүнчө үйүнүн жанынан атып салат. Андан кийин Бостон жашагысы келип да. келбей да өмүрүнүн соңуна чыккандай абалда көлдүн жээгине барат. Кыязы ал көлгө чумкуйт да ошол бойдон өз ааламы менен коштошот көрүнөт. Чыгарманын соңу окурманды ушундай жыйынтыкка алып келет.

“Кыямат” романын окуп жатып, анда баяндалган ушул окуялардын баары көз алдында болуп жаткандай туюлуп, өзүңдү ошол окуялардын арасында жүргөндөй сезет экенсиң. Чыңгыз Айтматов өзү айткандай “Кыямат” романы анын канынан жана жанынан жаралган чыгарма. Окурманды өзүнө тартып алганы да ошондон болсо керек деп ойлодум. Мен жогоруда “Кыямат” романында камтылган маселелердин чеке-бели, эпкини тууралуу гана сөз кылып өттүм. Чынында бул романдын масштабы абдан кенен жана оюу өтө терең.

**Абдимухтар АБИЛОВ,**
**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер**



ДЕН СООЛУК

### Жугуштуу, паразитардык оорулардын алдын алуу жана эпидемиологиялык көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысы Динагүл Оторбаева:

# «ЖУГУШТУУ ООРУЛАР АБА АРКЫЛУУ ЖУГАТ»

**- Динагүл айым, жугуштуу ооруларды кантип аныктайсыздар?**

- Кыргызстанда жугуштуу оорулар медициналык жардам көрсөтүү уюмдары, лабораториялык изилдөөлөр жана санэпидемиологиялык көзөмөл кызматтарынын системасы аркылуу аныкталат. Бейтаптар көбүнчө симптомдор пайда болгондо үй-бүлөлүк медицина борборлоруна жана жергиликтүү ооруканаларга кайрылышат. Бул этапта дарыгер клиникалык текшерүүлөрдү жүргүзөт жана зарыл болгон анализдерди жазып берет. Ал эми жугуштуу ооруларды өз убагында каттоо, бейтаптарды изоляциялоо, байланышта болгондорду көзөмөлдөө оорунун алдын алуу иштери адистер тарабынан ар дайым көзөмөлдө турат.

**- Өлкөбүздө эпидемияны алдын алуу жана ага жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгү кандай?**

- Кыргызстан жугуштуу оорулардын чыгышынын алдын алуу жана оорунун дүрт алуусуна жооп кайтаруу, эпидемиологиялык көзөмөл системасына негизделген. Ал үчүн күн сайын бардык катталган оорулардын катталуусуна көзөмөл жүргүзүлүп, үй-бүлөлүк дарыгерлерден, оорукана, лабораториялардан маалыматтар алынып турат. Андан сырткары, мисалы сасык тумоо жана курч респиратордук оорулардын деңгээли жогору, ооругандарды өз убагында тейлөө үчүн кошумча стационарлар жана резервдик орундардын болушу, үй-бүлөлүк медициналык борборлорунда графиктер менен иштөөсү каралган.

Бардык саламаттык сактоо уюмдарындагы медициналык кызматкерлер коргонуу каражаттары менен камсыз кылынган. Ооруканаларда дезинфекциялоочу каражаттар жетиштүү.

**- Жугуштуу оорулардын коркунучу эмнеде жана кайсылары эң көп кездешет?**

- Жугуштуу оорулар калк үчүн, өлкөнүн экономикасы жана жалпы коопсуздук үчүн коркунуч туудурат. Көпчүлүк жугуштуу оорулар аба аркылуу же тыгыз байланыш аркылуу адамдан адамга жугат. Аба аркылуу тез таралышы мүмкүн. Бул оорунун андан ары жайылып кетиши чоң масштабдагы эпидемияларга алып келет, айрым учурларда өлүмгө алып келиши мүмкүн. Калк арасында оорунун жайылып кетпеши үчүн өз убагында диагноз коюу, учурларды изоляциялоо, клиникалык байкоо, эмдөө иштеринин аткарылышы маанилүү. Кыргызстанда эң көп сезондук курч респиратордук вирустук инфекциялар жана сасык тумоо көп катталат. Негизинен жугуштуу оорулар эл көп топтолгон жерлерде санитардык эрежелердин сакталбагандыгынан массалык жуктуруп алуу коркунучуна алып келет. Мисалы, жугуштуу оорулардын алдын алууда, алардын ичинен сасык тумоо жана курч вирустук оорулар, коронавирустук инфекцияда калктын аялуу топторуна кийлигишүү (балдар, улгайган адамдар, кош бойлуу аялдар арасында) алдын ала эмдөөлөр жүргүзүлөт. Ошондой эле балдардын арасында кызамык, көк жөтөл, кептөөр, вирустук гепатиттин В түрү жана башка ооруларга каршы пландуу түрдө эмдөөлөр жүргүзүлүп турат.

**- Вирустук гепатитке кабылгандардын көрсөткүчү төмөн элеби?**

- Бүгүнкү күндө вирустук гепатит, айрыкча кан жана тыгыз байланыш аркылуу жугуучу гепатиттер кеңири таралган бойдон калууда. Чоңдор арасында лабораториялык изилдөөлөрдүн негизинде гепатиттин өнөкөт формалары көп катталгандыгы байкалгандыктан, 2022-жылдан бери өлкөдө чоң адамдардын арасында вирустук гепатиттин В түрүнө каршы эмдөөлөр киргизилген. Ошондой эле жугуштуу сарык жана ичеги-карын оорулары да катталып турат. Балдардын ичеги-карын инфекциясына кабылуусу чоңдорго караганда 2,5-3 эсе жогору. Бул ооруларды “кир колдун оорулары” деп да коёт, себеби, ооругандардын 75-80%ын 14 жашка чейинки балдар түзөт. Бул гигиеналык эрежелердин сакталбаганы ичүүчү суунун, тамак-аштын сапаты, калктын санитардык маданияты менен байланыштырылат.

**- Адамдын жаш курагы инфекциянын жүрүшүнө таасир этеби?**

- Жаш курак инфекциялык оорулардын жүрүшүнө түздөн-түз таасир этет. Балдар, чоңдор жана улгайган адамдар инфекцияны ар башкача көтөрүшөт. Оорунун канчалык деңгээлде оор же жеңил өтүшү, ар бир жаш курактын иммундук системасынын күчүнө, өнөкөт оорулардын бар же жоктугуна, организмдин жабыркоого туруктуулугу жана эмдөө статустарынан көз каранды. Балдарда инфекциялар көп учурда тез өөрчүп, интоксикация, ысытма менен коштолот, дем алуу жана организмдин башка системаларында оорунун тез кабылдашын жаратышы мүмкүн.

Ал эми улгайган адамдардын иммундук реакциясы төмөн жана алар өнөкөт оорулар менен көбүрөөк ооруйт. Бул инфекциялардын жүрүшүн оорлотот. Алардын оорулары башында анчалык оор болбошу мүмкүн, бирок дарылоо кыйыныраак болуп, көп учурда узакка созулуп, пневмонияга, жүрөк-кан тамыр ооруларына, бөйрөктүн жана башка органдардын жабыркашына алып келет.

**- Өлкөдө курч респиратордук вирустук инфекциялар жана сасык тумоо боюнча абал кандай?**

- Республика боюнча 49 жумада сасык тумоо жана курч респиратордук вирустук инфекциялардын 42 689 учуру катталды. Өткөн 48 жумага салыштырмалуу 15,1 эсеге жогору катталды. Жаш курагы боюнча алганда, учурлардын 70%ы - 14 жашка чейинки балдар (29 876 учур). Оору бардык аймактарда катталууда, оорунун жогорку көрсөткүчтөрү Бишкек жана Ош шаарларында, Баткен, Чүй, Нарын, Талас облустарында катталган. Оорунун деңгээлин көзөмөлдөө күн сайын уланууда.

**- Интернеттеги "Гонконг сасык тумоосу" тууралуу маалымат канчалык деңгээлде ишенимдүү?**

- Интернетте "Гонконг сасык тумоосу" өзгөчө кооптуу" жаңы таралган оору катары көрсөтүлүүдө, бул калк арасында негизсиз дүрбөлөңдү жаратууда. Аталган вирустун штаммы жаңы эмес, ал 1968-жылы биринчи жолу Гонконгдо табылган, H3N2 штаммы жыл сайын катталып турчу сезондук вирустардын бирине кирет. Бул оору боюнча калк арасында дарыгерлер тарабынан түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ТҮЗӨТҮҮ

# Актоо эмес, тактоо

Гезитибиздин өткөн №97 (3754) санына “ДОСААФтын тагдыры кандай болоор экен?” – аталышындагы макалада “Айрыкча, СТКУнун өлкөбүздүн дээрлик бардык аймактарында ийгиликтүү иштеп жаткан 44 мекемеси, алардын бир тыйындап чогултуп жүрүп куруп алышкан 2,3,4 этаж заңгыраган, заманбап кымбат баалуу жабдыктар менен жабдылган автомектептери, автомобилдери, автодромдору, спорттук, аскердик аянтчалары, спортзалдары, быйылкы жылы ачылган дагы кошумча 5 мекеменин иштеринин токтотулуп калынышы соңку жылдардагы мамлекетибиз дүркүрөп өнүгүү жолунда кетип бара жатканда абдан аянычтуу көрүнүш” деген сүйлөм техникалык жактан ката кеткен. Бул сүйлөм “Акыркы жылдарда биздин өлкөбүз өнүгүүнүн өр жолунда келаткан мезгилде өлкөбүздүн бардык региондорунда 600дөй адам эмгектенип, ийгиликтүү иштеп жаткан 47 СТКУ мекемелеринин, алардын азыркы кымбат баалуу жабдуулар, автомобилдер, автодромдор, спорт, аскер аянтчалары менен жабдылган 2-3 кабаттуу автомектептеринин, чоң эмгек менен табылган каражаттын эсебинен ачылган мекемелердин иши токтоп калганын көрүү өтө кейиштүү” – деп окулсун.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 22-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №270 “КЕЗЕКТЕГИ IV ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 “Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин курамында:

– Иманкулов Марат Муканович, Базарбаев Кудайберген Базарбаевич, Джантаев Эльчибек Нуржадыевич, Джумагазиев Канат Сагынович, Утурбаева Мариякан Төлөгөновна чыгарылсын;

– Койчиев Арслан Капайович – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы, уюштуруу комитетинин төрагасы, Джантаев Эльчибек Нуржадыевич – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору, Кенжебаев Аманкан Батырбекович – Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, Осмонов Азамат Кыргызбаевич – Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү киргизилсин.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №351***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7, 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2001-жылдын 2-майындагы №152 “Жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарынын өкүлдөрүнүн элдик курултайынын ролун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-сентябрындагы №328 “Кыргыз Республикасынын Президентинин Элдик Курултайды өткөрүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №352***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Октябрь районунун аймагында билим берүү борборун куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 3, $12^2$-пункттарына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы №259 токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №36 контурунда жайгашкан, С.К. Дыйканбаеванын жеке менчигинде турган, жалпы аянты 1,0 га сугат жерлеринин жер тилкеси билим берүү борборун куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2**. Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү өздүк каражаттардын эсебинен уюштурууну;

5) көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда, аларды Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сактоону;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, аны алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;

9) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

10) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүү аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тиешелүү коргоо аралыктарын сактоону;

11) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону;

12) долбоорлоо жана курулуш иштерин баштоодо Кыргыз Республикасынын авиация жаатындагы ченемдик актыларын сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №788***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 5-МАЙЫНДАГЫ №114 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 25-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №240 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА АЙДООЧУЛУК КУРАМДЫ КАТТОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы №114 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 5-пункттун алтынчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 25-сентябрындагы №240 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттикти түзүү жөнүндө” Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №353***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесин бекитүү жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 “Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн Эрежелери жөнүндө” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 1-сентябрындагы №504 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы №462 “Эмгек китепчелеринин формасын, эмгек китепчелерине кошумча барак формасын жана Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-мартындагы №134 “Эмгек китепчелеринин формасын, эмгек китепчелерине кошумча барак формасын жана Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы №462 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 11-январындагы №3 “Эмгек китепчелеринин формасын, эмгек китепчелерине кошумча барак формасын жана Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы №462 токтому менен бекитилген Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 17-июнундагы №239 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым нормативдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтомунун 1, 2-пункттары;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 9-февралындагы №82 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө” токтому;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 22-мартындагы №179 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 3-пункту;

10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-сентябрындагы №656 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана күчүн жоготту деп табуу жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун алтынчы, тогузунчу жана он тогузунчу абзацтары.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №789***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 10-ИЮНУНДАГЫ №329 “КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Окуу жылынын узактыгынын оптималдуу мөөнөттөрүн аныктоо максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү уюму жөнүндө жободо:

– 68-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“68. Окуу жылынын башталышы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Окутуунун узактыгы, анын аякташы, жумалык окуу жүктөмү, экзамендик сессиялардын жана каникулдардын узактыгы, практикалык окутуунун түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу пландарында белгиленет. Аудиториялык сабактардын (академиялык сааттын) узактыгы 40–50 мүнөттүн чегинде КЖБ уставында белгиленет.”;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюму жөнүндө жободо:

– 17-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“17. КОБ уюмдарында окуу жылынын башталышы кесиптик жогорку жана орто билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат жана конкреттүү адистиктин окуу планына жана окутуу формасына ылайык аяктайт. Окуу жылы ичинде билим алуучулар үчүн жалпы узактыгы 10 жумадан кем эмес, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес болгон эки жолудан кем эмес каникул белгиленет.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №790***

## ЖОГОРКУ АТАЙЫН НААМДЫ ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 10-бөлүгүнүн 2-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 56-беренесинин $4^2$-бөлүгүнүн 5-пунктуна, "Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык токтом кылам:

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы **Шыкмаматов Алмамбет Насыркановичке** "Салык кызматынын 2-рангдагы мамлекеттик кеңешчиси" деген жогорку атайын наам ыйгарылсын.

**2.** Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №354***

## ИБРАХИМ БИН РАДИ БИН АБДУРАХМАН АЛЬ-РАДИНИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасы менен Сауд Аравия Падышалыгынын ортосундагы достукту жана кызматташтыкты чыңдоого кошкон олуттуу салымы үчүн Сауд Аравия Падышалыгынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Ибрахим бин Ради бин Абдурахман Аль-Ради Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №356***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 28-АВГУСТУНДАГЫ №532 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АФГАНИСТАНДЫН КИЧИ ЖАНА ЧОҢ ПАМИРИНЕН КЕЛИП ЖАТКАН ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРГА ЖАНА КАЙРЫЛМАНДАРГА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА 2026–2029-ЖЫЛДАРГА ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасына келип жаткан этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга колдоо көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 20-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-августундагы №532 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга колдоо көрсөтүү боюнча 2026–2029-жылдарга программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:
төмөнкүдөй мазмундагы $3.10^1$-пункт менен толукталсын:
"

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $3.10^1$ | | Гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча кайрымдуулук фондунун ишине көмөк көрсөтүү | 2026-жылдын IV кварталы | ЭСКММ, ТИМ | Коомдук бирикмелердин, ассоциациялардын, фонддордун жана жеке жактардын мыйзамдарга каршы келбеген каражаттарынын чегинде | Этникалык кыргыздарга жана афган элине гуманитардык жардам көрсөтүлдү |

";

2) жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинде:
төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$-пункт менен толукталсын:
"

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $9^1$ | Кайрымдуулук фонду түзүлдү, гуманитардык жардамды системалуу түрдө көрсөтүү камсыздалды:<br>– түзүлгөн кайрымдуулук фонддорунун саны; | Бирд. | – | 1 | – | – | – | 1 | ЭСКММ, ТИМ | ЭСКММ |
| | – жеткирилген гуманитардык жардамдын саны | Тонна | – | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | Факт боюнча | ЭСКММ, ТИМ | ЭСКММ |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №791***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 19-МАРТЫНДАГЫ №78 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАР БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 19-мартындагы №78 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссия жөнүндө жободо:

– 3-пункттун үчүнчү абзацынын биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Комиссия төрагадан, төраганын орун басарынан, жооптуу катчыдан жана сегиз мүчөдөн турат.";

– 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого жана ардак наамдарын ыйгарууга сунуштамалардын ыйгарым укуктуу субъекттери тарабынан жөнөтүлүүчү сыйлоо материалдарынын санын аныктайт;";

– 8-пункттагы "мамлекеттик" деген сөз алып салынсын;

– 9-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Комиссиянын жыйналыштары зарылчылыгына жараша, бирок бир жылда үч жолудан кем эмес, Комиссиянын төрагасынын, ал жокто төраганын орун басарынын жетекчилиги менен өткөрүлөт.";

– 10-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Баатыры" Кыргыз Республикасынын эң жогорку артыкчылык даражасын, "Ата Мекен Баатыры" жана "Эмгек Баатыры" Кыргыз Республикасынын артыкчылык даражаларын берүү жөнүндө маселелер Комиссиянын жыйналышында гана каралышы мүмкүн.";

– 11, 12-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Комиссиянын жыйналышынын жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт, ага төрагалык кылуучу жана Комиссиянын жооптуу катчысы кол коёт.

Суражылоо барактары Комиссиянын жыйналышынын протоколунун бөлүгү болуп саналат.

12. Комиссиянын протоколдору туруктуу сакталат.".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №355***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ПАРКТАРЫНЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Технологиялык парктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4, 25-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Мамлекеттик колдоо чараларын алууга талапкер Кыргыз Республикасынын технологиялык парктарына карата талаптар 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын технологиялык парктарынын резиденттеринин реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №214 "Кыргыз Республикасында Технологиялык парктарды өнүктүрүү боюнча комиссия жөнүндө жобону бекитүү жана алардын иштешин мамлекеттик колдоо чаралары тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Технологиялык парктарды өнүктүрүү боюнча комиссия жөнүндө жободо:

– 5-пункт "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин" деген сөздөрдөн кийин ", Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын" деген сөздөр менен толукталсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №792***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 25-НОЯБРЫНДАГЫ №713 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ МЫЙЗАМДАРЫ ЖААТЫНДА ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БОЮНЧА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАН ТАРАБЫНАН КОНТРОЛЬ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жаатында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кошумча ыйгарым укуктарды берүү максатында, "Баа түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-ноябрындагы №713 "Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жаатында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан контроль жүргүзүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жаатында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан контроль жүргүзүүнүн тартибинде:

– 31-пункттун 6-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

"6) ыйгарым укуктуу орган тарабынан Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарын бузуу белгилеринин, анын ичинде бааларды мамлекеттик жөнгө салуу колдонулган мезгилде аныкталышы.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №794***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 2-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №481 "САНАРИП АЙМАК" АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу процессин автоматташтыруу максатында, "Электрондук башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 20-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 2-сентябрындагы №481 "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына "Санарип аймак" АМС аркылуу маалыматтарды топтоо, сактоо, иштеп чыгуу, издөө, пайдалануу, берүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу, туруктуу негизде маалыматтарды жана отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен ар бир жарым жылдын жыйынтыгы боюнча "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын электрондук паспорту" модулун актуалдаштырууну камсыз кылуу сунушталсын.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө жободо:

– 4-пунктта:

9-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9) "Санарип аймак" АМСтин пайдалануучулары – "Санарип аймак" АМСке тиешелүү кирүү мүмкүндүгү бар жана региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландаштыруунун жана болжолдоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууга, "Санарип аймак" АМСке маалыматтарды жүргүзүүгө жана актуалдаштырууга жана/же отчетторду жана чыгуу формаларын түзүүгө жооптуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү муниципалдык кызматчылары, мамлекеттик органдардын мамлекеттик кызматчылары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери;";

11-пунктчанын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– муниципалдык статистиканы жүргүзүү максатында маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо үчүн ыйгарым укуктуу жана "Санарип аймак" АМСтин "Үй чарбаларды эсепке алуунун электрондук китеби" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын электрондук паспорту" модулдарынын жеке эмес маалыматтар базасына кирүү укугу бар борбордук аппараттын же ведомстволук бөлүмдүн мамлекеттик кызматчысы;";

– төмөнкүдөй мазмундагы 16–18-пунктчалар менен толукталсын:

"16) региондук өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырган аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органынын адиси – аткаруу бийлигинин органынын борбордук аппаратынын жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү пландаштыруунун, болжолдоонун жана талдоонун комплекстүү системасын иштеп чыгуу процессин координациялоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн "Социалдык-экономикалык пландаштыруунун комплекстүү системасы" модулуна жеткиликтүүлүк берилген мамлекеттик кызматчысы;

17) облустагы, райондогу социалдык-экономикалык абалды жана коомдук-саясий кырдаалды пландаштыруунун, болжолдоонун, мониторинг жүргүзүүнүн жана талдоонун комплекстүү системасын иштеп чыгуу процессин жүргүзүү үчүн "Социалдык-экономикалык пландаштыруунун комплекстүү системасы" модулуна жеткиликтүүлүк берилген жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын адиси;

18) социалдык-экономикалык пландаштыруунун комплекстүү системасы – башкаруунун бардык деңгээлдеринде, анын ичинде региондук жана жергиликтүү деңгээлдеги өнүктүрүү пландарында пландаштыруу процесстеринин биримдигине жана бүтүндүгүнө негизделген, социалдык, экономикалык, мейкиндик жана экологиялык талаптарды бириктирген пландаштыруу системасы.";

– 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 8–10-пунктчалар менен толукталсын:

"8) жергиликтүү, региондук деңгээлде пландаштыруу, болжолдоо үчүн маалыматтарды чогултууну жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрү боюнча бирдиктүү маалыматтар базасынын негизинде жалпыланган маалыматтарды түзүүнү камсыз кылуу;

9) социалдык-экономикалык пландаштыруу процесстеринин алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана мамлекеттик органдардын маалыматтык-аналитикалык ишин автоматташтыруу;

10) аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жөнүндө толук, ыкчам жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу.";

– 9-пунктта:

5-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) "Муниципалдык менчиктин бирдиктүү реестри";";

төмөнкүдөй мазмундагы 6-пунктча менен толукталсын:

"6) "Социалдык-экономикалык пландаштыруунун комплекстүү системасы".";

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. "Санарип аймак" АМСтин модулдарын толтуруунун шарттары, ырааттуулугу, тартиби жана аларды пайдалануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу, социалдык камсыздоо, региондук өнүктүрүү жана расмий статистика чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийликтин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан аныкталат.";

– 19-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) чечимдерди кабыл алуу, саясатты иштеп чыгуу, жергиликтүү деңгээлде аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү пландаштыруу, болжолдоо жана талдоо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн "Санарип аймак" АМСтин маалыматтарын пайдаланууга;";

– 23-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23. "Жакыр жашаган үй-бүлөнүн социалдык паспорту", "Үй чарбаларын эсепке алуунун электрондук китеби", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын электрондук паспорту" жана "Социалдык-экономикалык пландаштыруунун комплекстүү системасы" модулдарына маалыматтарды түзүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү эмгек жана социалдык камсыздоо, расмий статистика жана региондорду өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу органга жиберген сунуштарынын негизинде жүргүзүлөт.";

– 27-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"27. Расмий статистиканы жүргүзүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга "Санарип аймак" АМСтин маалыматтарынын негизинде расмий статистикалык жыйынды маалыматтарды өндүрүү максатында "Санарип аймак" АМСтин маалыматтар базасынан жеке эмес маалыматтарга жетүү мүмкүндүгү берилет. Региондорду өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органына аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү пландаштыруу, болжолдоо жана талдоо процессин координациялоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн "Санарип аймак" АМСтен жыйынды маалыматтарга жетүү мүмкүндүгү берилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-декабры, №793***

## "МАРКУМДУ УЗАТУУ ЖАНА СӨӨГҮН ЖАЙГА КОЮУ ИШИ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 13-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын аныктоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– төмөнкүдөй мазмундагы $2^3$-пункт менен толукталсын:

"$2^3$. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 13-беренелеринде каралган сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү боюнча.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте жогоруда көрсөтүлгөн Тартипти колдонуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарын методикалык жактан коштоону камсыз кылсын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №795***

## КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ЖАНА ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ТИПТҮҮ УСТАВЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунун типтүү уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыялаган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №796***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 29-ЯНВАРЫНДАГЫ №56 "ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Адамдын өмүрүнүн жана ден соолугунун, айлана-чөйрөнүн, жарандардын, юридикалык жактардын жана мамлекеттин мүлктүк кызыкчылыктарынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-статьясына, "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40, 41, 44-статьяларына ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы №56 "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– төмөнкүдөй мазмундагы $43^2$ – $43^7$-пункттар менен толукталсын:

"$43^2$. Текшерүүнүн жүрүшүндө адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, жарандардын, юридикалык жактардын жана мамлекеттин мүлктүк кызыкчылыктарына сөзсүз болуучу жана олуттуу коркунуч жаратуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун талаптарын бузуулар аныкталганда ыйгарым укуктуу орган ишти токтото туруу жөнүндө жазма буйрук чыгарат.

$43^3$. Ишти токтото туруу текшерилүүчү субъекттин аныкталган бузуулар менен түздөн-түз байланышкан объекттерин (имараттарды, курулмаларды, жайларды, жабдууларды жана түзүлүштөрдү) мөөр басуу же пломбалоо жолу менен жүзөгө ашырылат.

$43^4$. Ишти токтото туруу жөнүндө жазма буйрук ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген форма боюнча эки нускада түзүлөт жана ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан кол коюлат.

$43^5$. Ишти токтото туруу жөнүндө жазма буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) каттоо номери жана датасы;

2) ыйгарым укуктуу органдын аталышы;

3) жазма буйрук чыгарган кызмат адамы;

4) текшерилүүчү субъекттин аталышы (аты-жөнү) жана дареги;

5) жазма буйрук жазылган текшерүү актысынын датасы жана номери;

6) мыйзамдардын конкреттүү ченемин көрсөтүү менен бузуулардын сыпаттамасы;

7) иши токтотулуп жаткан текшерилүүчү субъекттин объекти;

8) мыйзам бузууларды четтетүү үчүн милдеттүү чаралардын тизмеги.

$43^6$. Өз алдынча пломбаны бузган же мөөрдү алган учурда текшерилүүчү субъект Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

$43^7$. Текшерилүүчү субъект төмөнкүлөргө укуктуу:

1) бузуулар четтетилгенден жана ырастоочу документтер берилгенден кийин ыйгарым укуктуу органга ишти калыбына келтирүү жөнүндө арыз менен кайрылууга. Арызды кароо тартиби Кыргыз Республикасынын административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдары менен аныкталат;

2) ыйгарым укуктуу органдын ишти токтото туруу жөнүндө чечимине Кыргыз Республикасынын административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №797***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине жүктөлгөн мектепке чейинки билим берүү, башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды натыйжалуу аткаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында жүктөлгөн милдеттерди оперативдүү жана үзгүлтүксүз аткарууну камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

– эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин борбордук аппаратында нөөмөттүк автотранспорттун 4 бирдигине уруксат берилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-декабры, №798***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН УЛУТТУК ЭКОНОМИКАНЫН СУБЪЕКТТЕРИНЕ КЕПИЛЧИЛИК БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин $63^1$-беренесинин 1-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

- 12-пункттун 5-пунктчасынын он биринчи абзацындагы мамлекеттик тилдеги тексттеги "кепилдикти" деген сөз "кепилчиликти" деген сөзгө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 23-сентябрындагы №605 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышындагы мамлекеттик тилдеги "кепилдик" деген сөз "кепилчилик" деген сөзгө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Улуттук экономиканын субъекттерине кепилчилик берүү тартиби ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-декабры, №799***

## ӨЗГӨЧӨ УКУКТУК РЕЖИМДЕГИ ЖАНА СТАТУСТАГЫ "ТАМЧЫ" АТАЙЫН ФИНАНСЫЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК АЙМАГЫН ЫҢГАЙЛАШТЫРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагын (мындан ары – "Тамчы" АФИА) ыңгайлаштырууга карата талаптар тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** "Тамчы" АФИАнын башкаруучу компаниясы жана "Тамчы" АФИАны башкаруу боюнча кеңеш "Тамчы" АФИАнын ички актыларын иштеп чыгууда жана өнүктүрүү пландарын бекитүүдө ушул токтомдо каралган Ыңгайлаштырууга карата талаптарды эске алсын.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-декабры, №800***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 2-ИЮНУНДАГЫ №308 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 27-октябрындагы №299 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын ишин оптималдаштыруу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июнундагы №308 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги жөнүндө жободо:

– 1-пункттун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 11-пункттун 7-пунктчасында ", калкты каттоо жана документтештирүү" деген сөздөр алып салынсын;

– 12-пункттун 1-пунктчасынын тогузунчу абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 14-пункттун 19-пунктчасында ", калкты каттоо жана документтештирүү" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-декабры, №801***

## УКУК БУЗУУЛАРДЫН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 55-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Укук бузуулардын бирдиктүү реестри жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык укук бузуулар жөнүндө иштерди карооого ыйгарым укуктуу министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор жана башка мамлекеттик органдар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

– өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

– бул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн;

– бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдарды тиешелүү жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүргүзсүн.

**3.** Жогоруда көрсөтүлгөн Жобону ишке ашыруу үчүн зарыл болгон журналдарды, эсепке алуу китептерин жана башка бланктык продукцияларды даярдоо ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн органдар тарабынан жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирүү сунушталсын.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 "Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 14-октябрындагы №540 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 "Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-мартындагы №168 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн салыктык башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункту;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-ноябрындагы №544 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 "Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 13-августундагы №132 "Бузуулардын бирдиктүү реестри" автоматташтырылган маалыматтык системасын колдонууга байланышкан маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-декабры, №803***

## ЭМГЕКТИН ТИПТҮҮ ЧЕНЕМДЕРИН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА БЕКИТҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 111-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Эмгектин типтүү ченемдерин иштеп чыгуу жана бекитүү эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-июлундагы №479 "Эмгектин типтүү ченемдерин иштеп чыгуу жана бекитүү эрежелери жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-декабры, №804***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН СЫЙЛЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын сыйлыктары менен сыйлоо тартибин аныктоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 10-сентябрындагы №73 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын регламентинин 9-пунктунун 16-пунктчасына жана 12-пунктунун 3-пунктчасына ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын сыйлыктары жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 1999-жылдын 16-апрелиндеги №120 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Ардак грамотасы жөнүндө жобо тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 3-февралындагы №31 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Ардак грамотасы жөнүндө жобо тууралуу" токтому.

**3.** Ушул токтом «Эркин-Тоо» гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-декабры, №163***

*Тиркеме БШКнын райсмий сайтында жайгаштырылган.*
*https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/postanovlen/163/*

## №29 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгы менен 2025-жылдын 30-ноябрына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 1-октябрындагы №88 токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо көп мандаттуу шайлоо округдарынын схемасы жана чек аралары бекитилген.

№29 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоону уюштуруу үчүн 102 шайлоо участогу түзүлгөн.

Округдагы шайлоочулардын тизмесине 137 758 шайлоочу киргизилген. Алардын ичинен добуш берүүгө 56 307 шайлоочу катышты, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 40,87% түздү.

Округдун ичиндеги шайлоо участокторунда 46 344 шайлоочу добуш берди, бул округдагы шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин 33,64% түздү.

9 963 шайлоочу аралыктан добуш берди, бул округдагы шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин 7,23% түздү.

№29 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 13 талапкерди каттады. Мөөнөтүнөн мурда шайлоого 13 талапкер катышты.

